# ЖАРЫЯ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары-Агенттик) жана “Укук булагы” долбоорун ишке ашырып жаткан USAIDдин Ист-Вест менеджмент институтунун Кыргыз Республикасындагы филиалы Кыргыз Республикасында аксакалдар соттору институтун мындан ары өнүктүрүү максатында пилоттук аксакалдар сотторун тандап алуу боюнча конкурс жарыялады.

Конкурстун жыйынтыгы менен республика боюнча төмөнкү квоталарга ылайык 16 пилоттук аксакалдар соттору тандылып алынат:

Баткен облусу – 2;
Ош облусу – 2;
Жалал-Абад облусу – 2;
Талас облусу – 2;
Чүй облусу – 2;
Ысык-Көл облусу – 2;
Нарын облусу – 2;
Бишкек шаары – 1;
Ош шаары – 1.

Тандалып алынган пилоттук аксакалдар сотторуна “Укук булагы” долбоору ЖӨБ аткаруу органдары (айыл өкмөттөрү, мэриялар) аркылуу, жалпы суммасы 42 000 АКШ долларын түзгөн материалдык жана техникалык колдоо көрсөтөт (мебелдер, компьютерлер ж.б.).

Тандоого бардык аксакалдар соттору катышууга укуктуу. Тандоо ачык сынак жолу менен үч этапта жүргүзүлөт.

Биринчи этап 2024-жылдын 4-декабрынан 18-декабрына чейин уланат. Бул этапта конкурстук тандоого катышууну каалаган аксакалдар соттору айыл өкмөттөрү же мэриялар аркылуу өтүнмөлөрдү тапшырышат. Өтүнмөлөргө аксакалдар сотторун имарат менен камсыз кылуу жана аны оңдоону камсыздоо боюнча кепилдик кат тиркелиши керек

Экинчи этап - алдын ала тандоо этабы 2024-жылдын 19-30 декабрында жүргүзүлөт. Бул этапта комиссия берилген өтүнмөлөрдү карап чыгып, белгиленген критерийлердин жана ЖӨБ органдарынын милдеттенмелеринин негизинде ар бир облустан, Бишкек жана Ош шаарларынан жалпы 25 (ар бир облустан 3төн, Бишкек жана Ош шаарларынан 2ден) потенциалдуу катышуучуларды тандайт.

Үчүнчү этап 2025-жылдын13-27-январында аралыгында өткөрүлөт.

Үчүнчү этапта комиссия мүчөлөрү алдын ала тандалган аксакалдар соттору менен жеринде жолугат, алардын имараттарын карашат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген кепилдиктерди аткаруу мүмкүнчүлүгүн баалашат.

Тандоонун жыйынтыгы 2025-жылдын 30-январынан кечиктирилбестен жарыялайт.